**УДК:654.19(0758)**

**МАТАЕВА А.Э., МУРАТБЕКОВ Н.М.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ, Бишкек

**MATAEVA A.E., MURATBEKOV N.**
J. Balasagyn KNU, Bishkek

# КЫРГЫЗСТАН ОБОНДОРУ РАДИОСТАНЦИЯСЫНЫН КЫРГЫЗ РАДИОРЫНОГУНДАГЫ ОРДУ

Место радиостанции Кыргызстан Обондору на кыргызском радиорынке

Place of the radio station «Kyrgyzstan Obondoru» at the Kyrgyz radio market

Макалада радиодогу алып баруучулук кесибинин өзгөчө мүнөздөрүн ачып көрсөтүү, радио алып баруучунун имиджин түзүү принцибин изилдөө, заманбап ММКлар системасында Кыргызстан Обондору радиостанциясына мүнөздөмө берүү тууралуу маселелер анализге алынды.

**Урунттуу сөздөр**: жанр,эфир,радиостанция, түз эфир, көңүл ачуучу программалар.

В статье делается анализ программ радиостанции Кыргызстан Обондору в системе современной СМИ, а также, раскрытие основных характеристик профессии радиоведущего, исследуются пути формирования имиджа радиоведущего.

**Ключевые слова**: жанр, эфир, радиостанция, прямой эфир, развлекательные программы.

The article considers the analysis characteristics of the radio station «Kyrgyzstan Obondoru» in the modern media system, also disclosure of the main characteristics of the radio host profession, research of the principle of forming the image of a radio host.

**Keywords:** genre, broadcast, live broadcast, radio station, entertaining programs.

Биз жашап жаткан социалдык жашообуздун өзгөчөлүктөрү, талаптары азыркы журналистиканын багытын аныктоодо. Кыргызстанда радиоуктуруу башка массалык маалымат каражаттары сыяктуу эле учурда жаңы формаларды, эфирде иштөөнүн моделдерин, аудитория менен байланышуунун жаңыча жолдорун, ыкмаларын издөөнүн үстүндө. Радио тармагынын өнүгүү процессинде жанрлардын жана радио берүүлөр формаларынын эволюциясы жүрүүдө. Жанрлардын түзүлүшү, алардын мүнөздөмөсү, өзгөчөлүгү радио тармагында тарых менен негизделип келген. Жанрды түптөөчү элементтер радиотармагы, гезит жана журналдар жанры пайда болгучакты эле бар болуп, кээ бири радио тармагынын түптөлүшү маалында өнүгүп келген. Салттуу болуп калган радио берүү заманбап технологиялар өнүгүп жаткан шарттарда жаңы угармандарды тартууга себеп болуп, эфирдин башка мүмкүнчүлүктөрүн түзүп келет.

Учурдагы радиожурналистика угармандар менен байланышуунун жаңы жолдорун, методдорун ойлоп таап, практикада колдоно баштады. Азыркы радиоуктуруунун ишмердүүлүгүндөгү негизги өнүгүү тенденциялары катары төмөндөгүлөрдү атоого болот:

1. Эфирде маалыматтык жана музыкалык программалардын көбөйүшү;

2. Жанрлардын көп түрдүүлүгү жана алардын бир программадан орун алышы;

3. Радиоуктуруулардын көпчүлүк бөлүгүн диалогдук формадагы жанрлардын түзүшү;

4. Радиоэфирдеги алып баруучунун ролунун жогорулашы жана түз эфирдин көбөйүшү. Эгер радиожурналистиканын жанрлар системасын өз алдынча талдап көрсөк, жанрлардын ар бир тобу кайсы бир деңгээлде өзгөрүүлөргө дуушар болгондугун байкоого болот.

18 жылдык тарыхы бар өлкөбүздөгү белгилүү радио Кыргызстан обондору 7 дубанда оболоп келет. «Кыргызстан Обондору» радиосу «Европа» Медиатобунун колдоосу менен 18 жыл мурда 24-январда алгач ирет эфирге чыккан. “Кыргызстан Обондору" - ар түрдүү жанрдагы жана багыттагы жалаң гана кыргыз музыкасын берүүчү радиостанция. Анын музыкалык форматы Кыргызстандын музыка дүйнөсүн толугу менен камтыйт: классик жана жаш таланттардын аткаруусундагы эстрада музыкасы, улуттук күүлөр, автордук ырлар, бул күндүн хиттери. Учурда радионун аудиториясынын саны 3 миллиондон ашат (М-вектор аналитикалык компаниясынын 2013-жылдагы изилдөөсүнө ылайык).

18 жыл ичинде угармандар арасында популярдуулугун сактап турган берүүлөр дагы да болсо өз аудиториясынын санын көбөйтүүдө. Булар: угармандардын куттуктоолорунан турган «Ыр дүкөн»; интерактивдүү шоу берүүлөр- «Эрке таң»; «Тентек микрофон»; Кыргыз элинин эр азаматтары, аскердеги жоокерлерге арналган «Аскер сааты».

Заман менен бир жүргөн Кыргызстан Обондору жаңычылдыктардан коркпой угармандарынын табитине төп келген долбоорлорун сунуштоодо. Алардын бири “Радиотой” долбоору, Кыргызстан Обондорундагы хит чыгармалардын аткаруучулары жана угармандар менен болгон байланышты дагы бир ирет бекемдеп, көрүшүүгө мыкты себеп болуп келет.

“Кыргызстан Обондору” бир гана берүүлөргө басым жасабастан, эфирден сырткары да өткөрүлгөн тышкы акциялары менен белгилүү. Ар бир Жаңы жылда аталган радиостанция «Аяз ата келиңиз» акциясын өткөрүп келет. Анда угармандар кичинеден чоңго чейин өздөрү эңсеп келген белектерди Аяз атадан сурап, Кыргызстан Обондору алардын аруу тилектерин аткарып турат.

2016-жылы Тарых жана маданият жылына карата Кыргызстан Обондору ар бир угарманынан өз сезимдерин көркөм окуу менен билдирүүгө чакырып, “Бул сага” долбоорун сунуштады.

2017-жыл Ыйман, адеп жана маданият жылы деп жарыялангандыктан “Салтыңдан айланайын” берүүсү киргизилген. Анда кыргыз элинин салт-санаасынын мааниси, каадалардын өзгөчөлүгү жөнүндө маалымат берилет.

Ар бир компаниянын байлыгы анын кызматкерлери экени шексиз. Кыргызстан Обондорунун таланттуу чыгармачыл командасы да жигердүү эмгектин артынан көптөгөн сыйлыктарга ээ болгон. Радиостанциянын жаңылыктар кызматы республикада болуп жаткан окуяларды объективдүү жана ыкчам баяндоо үчүн Кыргыз Республикасынын

Президенти, Кыргыз Республикасынын өкмөтү жана Кыргызстандагы «Internews Network» өкүлчүлүгү тарабынан сыйланган. Радиостанция жамаатынын жетишкендиктери төмөнкү наамдар менен сыйланган;

• 2001-жыл- «Алтын калем» Президенттик сыйлыгы;

• 2003-жылы Радиостанциялардын арасында өткөрүлгөн «Fmmy 2003» фестивалынын "Кыргыз тилин жайылтуу үчүн" номинациясы;

• «Кыргызстандын жыл тандоосу» боюнча «2003-жылдын Кыргызстанда №1- мамлекеттик тилдеги тармактык радиостанциясы»;

• Кыргыз Республикасынын Президенти алдындагы мамлекеттик тил боюнча комиссия тарабынан "Улуттук тилди өнүктүрүү үчүн" ардак грамотасы менен сыйланган.

• 2013-жылы “М-вектор” изилдөө-консалтинг компаниясынын жүргүзгөн медиа изилдөөлөр жыйынтыгы боюнча Кыргызстандын мыкты 5 радиостанциясынын курамына кирип, «Күнүмдүк аудитория» номинациясы боюнча 1-орунду ээлеген.

• 2015-жылы 1-Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын өткөрүүдө көмөк көрсөткөндүгү үчүн ыраазычылык кат менен белгиленген.

• Министрлик жана ведомстволордун ардак грамоталарынын, Кыргызстандагы медиа тармагындагы көптөгөн басылмалардын сыйлыктарынын ээси.“Кыргызстан Обондору” радиосу бардык жактан мыкты экенин далилдөөнү максат кылып, 2015-жылы 29-апрелде тынымсыз обого чыгуу боюнча Кыргызстанда абсолюттук рекордду орнотту. “Кыргызстан Обондорунун” рекорду 61 саат болду. Ди-джейлер Улук Сапаров, Дария Санташева жана Азат Муратов кыйынчылыктарга карабай эки күн, үч түн бою тынымсыз түз эфирде өлкөнүн атактуу адамдары жана угармандар менен болушкан.

«Кыргызстан Обондору» маалымат-музыкалык радиостанциясындагы алып баруунун - өзгөчөлүгүнүн өзөгүн түзгөн: креативдүүлүк, сөзгө чебер, ой жүгүртүүсү ыкчам, ийкем мүнөз, сезимтал ж.б. сапаттар болуп эсептелет.

Кыргызстан Обондору радиосунун угармандарынын саны улам көбөйүп,жалпы элдик радиого айланып бара жаткандыгынын күбөсү, жалаң гана жаштар эмес, төрдө ийигин ийрип олтурган чоң энелерибиз да, чалгысын чыңап жаткан чоң-аталарыбыз да ишин токтото демин ичине алып, бир үшкүрүп жылт этип өтүп кеткен жаштык күнүнө серп сала,жылмайып-«Аттин биздин учурда ушул радио болсо кана» - деп туруктуу угармандардын катарын толуктап келүүдө.

Эмне үчүн көпчүлүк угармандар бул маалымат-музыкалык радиостанцисынын толкунун (Бишкек, Чүй, Ош, Жалал-Абад FM. – 106.5 Талас FM- 87,5 Кербен, Баткен FM

-104,3 Ысыккөл FM- 87,9) бекем кармап, берүүлөрдү калтырбай, көңүлү менен байлана угуп келет?

1) Инсандын коом алдындагы, эл алдындагы милдетин сезүү, тапшырылган иштин натыйжасы үчүн жоопкерчиликти сезүү, башка бирөөлөр жөнүндө кам көрүү, жолдошчулук, тилектештик өңдүү баалуу сезимдери жамаат менен жүргөндөгана өнүгөт.

Жакшы уюшулган жамаат инсанды басып койбойт,тескерисинче анын ар тараптан өнүгүүсүнө жакшы өбөлгө түзөт. «Адам-адамга дос жана бир тууган»! Деген принцип ушул жамаатта түзүлгөндөн баштап калыптанып калгандыгына ынандым. Бул жамааттын өзүнө ылайык уставы «Жашоо Керемет»деген урааны бар. Демек, ынтымактуу жамаат маанилүү.

2)Сөзсүз радионун өнүгүшү үчүн анын музыкалык казынасы да бай болуш керек. Форматына ылайык ар тараптуу, элин көңүл чордонунан орун алган эстрада, фольклер, заманбап хит ырлар жана анын эфирге тизилиши менен айырмаланып келет.

3) Түрдүү стилдеги ыр жанырып жатса ага ылайык джинглдар музыкалык чыгарма (ыр) жаңыргандан соң радиостанциянын джингли жаңырып туруу керек. Бул Кыргызстан обондору радиостанциясынын жарнамасы. Кайсыл убак болбосун угарман джинглды угуп, дароо “Кыргызстан Обондорун” таанып билет. Учурда радиостанциянын джинглы элдин калың катмарына жайылып, тарады деп ишенимдүү айтууга болот. Бул сөзүбүзгө мисал; көңүл ачуучу жайларда да алып баруучулар “Жашоо Керемет”, “Кыргызстан Обондору” деген жагымдуу радиостанцияга таандык кубанычтуу сөздөрдү айтууну салтка айлантышты.

4) Ар тараптуу программалары менен айырмаланып келет.

Аудиторияга сүйкүмдүүлүк, ачык-айрымдуулук, жайдары маанай, тамашалар жагат, ошол эле учурда угарман анын алдында инсан өзү эмес, образ турганын сезип турушат. Алып баруучунун образы угарманга жашоону үйрөтүү эмес, анын көңүлүн ачуу, маанай жаратуу болуп эсептелет. Мисалга Кыргызстан Обондору радиосундагы Тентек микрофон программасынын алып баруучуларын алсак болот. Анда Нурэл Султанов жана Дария Санташева иш күндөрү саат 5тен-7ге чейин чарчаганыңызды жокко чыгарып, жумуштан-үйгө болгон сапарыңызды тамашага бөлөгөнгө өз салымдарын кошуп келишет. Бул жактан Нурэл Султановэфирдеги мүнөзү тууралуу айта турган болсок: шайыр, тамашакөй, күнүмдүк жашоодогу сөздөрдү көбүрөөк колдонуп эрке баланын ролун жаратып келет.

Маалымат-музыкалык жанрларындагы алып баруучунун имиджинде чектөөлөр болот. Үндүн тембри жана интонациясы – бул ишеничтүү сүйлөгөн жаш кыз же жигит. Жаңылыктарды окуганда өтө бийик, же өтө жапыз үндөрдү колдонушпайт. Жанрдын бул түрүндө, маек түрүндөгү жанрда иштеген алып баруучулардан айырмаланып, сүйлөөдөгү каталар, сленгдерге жол берилбейт. Андан тышкары текстке жараша чеги менен маанай берип (кайгылуу окуя болсо кайгырып, кызыктуу болсо кызыктырып) окуп келет.

“Өнөр алды кызыл тил” бул накыл сөздө канчалык философия жатат.Тилинен чаң чыккан радионун ди-джейлери өз ишин мыкты билген адистер. Жашынан алдына алыскы перспективаны коюп, ага жетүүгө жан дили менен аракеттенип умтулса, ар бир адамдын андай тилеги сөзсүз ишке ашат. “Эл мени жакшы десе” деген күчтүү талап аны элдин жүгүн кебелбей көтөрүүгө дем берет. Элдин алкышына шыктанып бирөөлөргө кубаныч, бакыт, күлкү, шаттык, жылмаю тартуулоочу ишти аткарууда күчүн да акыл дараметин да аябайт.

«Кыргызстан Обондору» маалымат-музыкалык радиостанциясындагы алып баруунун - өзгөчөлүгүнүн өзөгүн түзгөн: креативдүүлүк, сөзгө чебер, ой жүгүртүүсү ыкчам, ийкем мүнөз, сезимтал ж.б. сапаттар радиорынокто сүйүктүү радиостанция болууну шарттайт.

Пайдаланылган булактардын тизмеси

1. Барабаш Н.С. Ведущий информационно-развлекательной радиостанции становление профессии, специфика и методы работы: Дисс. . канд. филол. наук / Барабаш Наталья Сергеевна. - М., 2002. – С. 48 с.

2. Бубукин, А. Форматы радиостанций А. Бубукин // Радиовещательные технологии / С. Комаров; ООО «Радиовещательные технологии».-М., 2007-.—Режим доступа: http:// www. radiostation. ru/music/ format.html.

3. Современная радиожурналистика: теория и практика / (учебное пособие для специальности аудиовизуальная журналистика. Минск, 2010 г.)

4. Раскатова, Е. Типологическая характеристика современного радиовещания Электронный ресурс.: Е. Раскатова // Радио. 2003. - № 12 (90). - Режим доступа: // http://www.relga.rsu.ru/n90/radio902.htm

Рецензенттер:Абдыкалыкова А.А. – филология илиминин кандидаты, И.Арабаев атындагы КМУнун доценти

Азизбек уулу Бакытбек – филология илиминин кандидаты, И.Арабаев атындагы КМУнун доценти